**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «Музыка»
# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-7-класстары үчүн окуу программасы

**Бишкек – 2023.**

## Программаны түзүүчүлөр:

1. Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич – Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун (РПККЖжКДИ) «Информатика, технология жана искусства» кафедрасынын башчысынын м.а., ага окутуучусу, музыка таануучу.
2. Муратбек Касей – Б. Бейшеналиева атындагы КММжИУнин доценти, к.и.к.

Жалпы билим берүүчү мекемелердин 5-7-класстары үчүн музыка предмети боюнча программасы.-Б.: 2023. - 14 б.

Программа боюнча сунуш, пикирлерди төмөнкү дарек боюнча жөнөтүүңүздөрдү суранабыз.

720024, Бишкек шаары.
Свердлов району, Широкий к., 1Б
КРны ББжИМнин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун (РПККЖжКДИ) «Информатика, технология жана искусства» кафедрасы.

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

5-7-класстардын «Музыка» программасы ар түрдүү типтеги жалпы билим берүүчү мекемелер үчүн даярдалган. Жалпы билим берүүчү мекемелердин 5-7-класстардын милдеттүү минималдуу мазмунунун негизинде, 5-7-класстардын болжолдуу программаларына таянуу менен үч жылдык билим берүү үчүн кайрадан иштелип чыкты.

Бул программа 1-4-класстардын прогрммасы менен терең байланыштуулугу менен мүнөздөлөт. Тематикалык жана музыкалык материалдарды координациялоодо методологиялык жана методикалык мамилелердин өнүгүүсү бирдиктүү көрсөтүлгөн.

Башталгыч класстардын программасы сыяктуу эле, бул программа жалпы педагогика жана музыкалык педагогика илиминде калыптанып калган окуучулардын музыкалык-эстетикалык жактан өнүгүүсүнүн позитивдүү салттуулугуна таянат. Программадагы уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармалардын мазмундук таянычы 2004-жылы жарык көргөн (Түзүүчүлөр: Н.Ниязова, Ж.С.Дуйшеналиев, М.Касей. Жооптуу редактор: К.Дүйшалиев.) программанын мазмуну болду.

Ошондой эле, З.Кодайдын, окуучуларга музыкалык-эстетикалык билим тарбия берүү боюнча элдик музыкалык чыгармаларды окутуу боюнча концептуалдуу ойлору жана Д.Б.Кабалевскийдин илимий жетекчилиги астында иштелип чыккан программанын концептуалдуу жоболору эске алынды.

Андан башка, кыргызстандык - А.А.Аманбаев, К.Ш.Дүйшалиев, М.Абдраев, С.Субаналиев, Б.Алагушев; чет өлкөлүк - Ю.Б.Алиев, О.А.Апраксина, Н.Л.Гродзенская, В.В.Медушевский, Е.В.Назайкинский, Г.М.Цыпин, В.Н.Шацкая сыяктуу белгилүү окумуштуу педагог-музыканттардын окуу-методикалык материалдарында жана илимий эмгектеринде чагылдырылган кээ бир идеялары менен корутундулары пайдаланылды.

Бир эле мезгилде бул программанын концепциясы, анын мазмуну, түзүмү менен музыкалык материалдарды тандоо принциби, адабий жана көркөмдүүлүк жактан ирээттүү түзүлүшү, көпчүлүк жактан өзүнчө иштелип чыккан программа экени көрүнүп турат.

Окуучунун музыкага болгон мамилесин сактоо менен анын жалпы руханий маданиятынын бир бөлүгү катары, бул программа музыканын ар тараптан коом менен жаратылыштын жана музыканы кабыл алуу психологиясы менен тыгыш байланышын, музыканын идеяларын тереңдетүүгө багытталган. Ошондой эле адабият, көркөм өнөр, тарых, Ата-Мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданият, кыргыз тил, мекен таануу, адеп предметтери менен байланыштырууну максаттанат. Ошого байланыштуу авторлор жогоруда көрсөтүлгөн предметтердин окуу программаларына ар тараптан анализ жасап көпчүлүк жактан алардан багыт алышкан.

**Бул программанын башка «Музыка» предметинин программаларынан өзгөчөлөнгөн бөтөнчөлүктөрү төмөнкүлөр:**

- ✓ Окуу китебинин жардамы менен музыкалык билим берүүнүн идеяларын тереңдетүү, «китеп дүйнөнү ачып берет» принциби;
- ✓ Музыкалык материалдардын жаңыланышы менен паралелдүү түрдө адабий жана көркөмдүүлүк жактан ирээттүү, максаттуу методикалардын киргизилиши.
- ✓ Музыка өзүнүн чегинде бардык баалуулуктарын жартылышта, үрп-адатта, адамдардын бири-бири менен менен болгон милесинде, фантазияда, сезимде, турмуш-тиричиликтин ар түрдүү сферасынын өсүп-өнүгүүсүндө ачып көрсөтөт. Музыканы эстетикалык баалуулуктарына гана болгон көз карашта эмес, албетте жалпы, ар тараптан карап көрсөк, аны *дүйнөдөгү маанилүү, универсалдуу позициясында* кароону максаттанат.
- ✓ Музыканын мазмунунун проблемасын чечүүдө системалуу жайгаштырууну максаттанат;
- ✓ Музыкалык-эстетика, эстетика, адабият таануу, музыка таануу, музыкалогия жана искусство таануу илимдеринин жетишкендиктерин практика жүзүндө ишке ашырылып келе жатканын эске алуу менен, музыкалык искусствону *стилдик өңүттүн* көз карашында кароону максаттанат;

## НЕГИЗГИ КЛАССТАРДА (5-7-кл.) «МУЗЫКА» ПРЕДМЕТИНИН МАКСАТЫ:

- ✓ Инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн эң маанилүү компоненти катары, музыкалык маданиятка баарлашуу аркылуу окуучуларда музыкалык-эстетикалык жана руханий-адептик тарбиялоону калыптандыруу.

## НЕГИЗГИ КЛАССТАРДА (5-7-кл.) «МУЗЫКА» ПРЕДМЕТИНИН МИЛДЕТТЕРИ:

- ✓ Курчап турган айлана чөйрөнү урматтоону жана ага болгон боорукердикти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- ✓ Музыкалык кубулуштарга, кыжалааттанууга эмоционалдык боорукердикте тарбиялоо;
- ✓ Окуучуларды музыкалык искусствонун жогорку жетишкендиктери жөнүндө бааларшуунун негизиде, угуу маданиятын калыптандырууга көмөк көрсөтүү;
- ✓ Окуучулар жаңы алган билимдеринин негизинде, музыка менен көркөм ишмердүүлүктүн башка түрлөрү (адабият, көркөм өнөр) менен болгон байланышын табууга үйрөтүү;
- ✓ Кабыл алууга багытталган, ойлонулган оорчундуу музыкалык чыгармалардын билим берүүчүлүк системасын сформировать этүү. Мында, музыкалык искусствонун мазмуну менен формасынын бири-бири менен болгон терең байланышы, музыкалык таасирдүүлүктүн каражаттары жөнүндө бир канча оорчундуу билим берүү максаттанат.

5-7-класстардын Музыка предметинин мазмундук багыттары төмөнкүдөй:

- Музыканын тили - музыкалык таасирдүүлүктүн каражаты.
- Музыкалык образ.
- Музыканын тиби, формасы, стили жана жанрлары.
- Автор (автордун дүйнөсү).

5-7- класстардын предметтик компетенттүүлүктөрү[1] аныкталды. Алар:

- ✓ Эмоционалдык-баалуулук.
- ✓ Музыкалык-эстетикалык.
- ✓ Аткаруучулук.

Бул класстардын программасында төмөнкү багыттар боюнча олуттуу өзгөрүүлөр болду. Алар:

- Уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармаларда.
- Музыкалык адабият боюнча материалдарда.
- Музыканын теориясы боюнча материалдарда.

Андан башка, бул программа дагы бир оорчундуу милдетти чечүүнү максаттанат. Ал, окуучурларды акырындык менен *ойлоонун жана речтин* маданиятына тарбиялоо болуп эсептелет. Азыркы күнгө чейин ойлоонун жана речтин маданиятына тарбиялоо милдети кыргыз тили жана адабият предметтерине тейешелүүлүгү каралып келген, азыр да улантылууда. Бул милдеттин жаңычылдыгы «Музыка» предметинде *«предметтер аралык өз ара аркеттешүү»* методун колдонуу менен ишке ашырылат.

Бирок, биздин ынанымыбызда бул милдеттин мындай коюлушу мыйзамченемдүү. Себеби, предметтин кенен гуманитардык багыттуулугу анын табигый мүнөзүнөн суурулуп чыгып турат десек болот. Музыкалык билим берүүгө болгон мындай олуттуу мамиле кылуу адекваттуу методологиялык аныктаманы талап кылды. Программанын негизги методологиялык мүнөздүүлүгү, предметтин өзүнө таандык болгон бир канча жалпы илимий, музыкалык-

[1] 5-7-класстардын Музыка предмети боюнча мамлекеттик стандарт КББАнын окумуштуулар Кеңешинин талкуусунда жактырылды. (Түзүүчүлөр: Ж.С.Дуйшеналиев, Р.Х.Шакиров). Аталган предметтин компетенттүүлүктөр, предметтин методикалык колдонмосунда кенен чечмеленген.

педагогикалык методдор менен мамилелерди камтыган ***комплектүүлүк*** болуп эсептелет.

Алар: *«предметтер аралык өз ара аркеттешүү»; «стилдик мамиле»; «чыгармачылык метод»; «системалык мамиле»; «жекеден жалпыга чыгуу»* жана *«проблемалуу окутуу»* методдору[2].

Бул программадагы системалык мамиле, башталгыч класстардын программасында берилгендей эле, бүтүн бир методологиялык мейкиндиктин башкы «координатору» ролун аткарат. Системалык мамилени колдонуу, программанын маанилүү компоненттерин уюштурууда жардам берет. Алар: программанын темалуулугу, уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдар, практикалык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрү.

Программадагы кенен таанып билүүчүлүк панорама болсо, өзгөчөлөнгөн системалык мамиле менен «Музыка» курсунун мазмундук концепциясында көрсөтүлүп тургандай, бул программанын ичинде (макросистемасында) жана анын этаптык (подсистемасында) денгээлинде ишке ашырылат.

Негизги мектепте ар бир класстын төрт чейрегине, негизги жылдык темалар менен байланышкан төрт (подсистема) чейректик тема берилген жана предметтин мазмундук багыттары толугу менен жылдык жана чейректик темаларда камтылган. Алар:

5 класста — **«Музыканын улуу күчү. Музыканын адамга тийгизген таасири»;**

I чейрек. «Музыканын адамды өзгөртүүчү күчү»
II чейрек. «Музыка – адамдын руханий дүйнөсү»
II чейрек. «Музыканын бириктирүүчү күчү»
IV чейрек. «Музыканын күчү эмнеде?»

6 класста— ***«Музыкадагы образ»***

I. II чейректер. «Музыкадагы образ»
II. IV чейректер. «Музыкадагы драматургия»

7 класста — ***«Музыка –дүйнө тили»***

I чейрек. «Музыкадагы заманбаптуулук жана театр, кино музыкасы»
II чейрек. «Заманбап музыка жана телевидения музыкасы»

Жогоруда көрсөтүгөн темалар өз алдынчалыгы жана толук бүткөндүгү менен айырмаланат. Ошол эле убакта бүтүн мазмундуу бир концепция катары кызмат кылат.

**5-класстын мазмуну** (жылдык тема «Музыканын улуу күчү. Музыканын адамга тийгизген таасири» деп аталат). Бул тема төрт чоң бөлүктөрдө кеңири түшүндүрүлөт. Алар: «Музыканын адамды өзгөтүүчү күчү», «Музыка – адамдын руханий дүйнөсү», «Музыканын бириктирүүчү күчү» жана «Музыканын күчү эмнеде?».

Бул жылдын тематикалык түзүлүшү, окуучуларды музыкалык жанрлар аркылуу адамдын руханий дүйнөсүнө тийгизген таасири, музыканын күчү жөнүндө кеңири тааныштырат. Алар: элдик музыкалык фольклор, күү, ыр, романс, хородук музыка, опера, балет («Музыка–адамдын руханий дүйнөсү» бөлүктө), ошондой эле, музыкалык портрет, музыкадагы пейзаж жана башка жанрлардын спецификалык ар түрдүүлүктөрү. («Музыканын бириктирүүчү күчү» бөлүгүндө).

**6-класстын мазмуну** көркөм музыкалык чыгармалардын образы жөнүндөгү проблемалар чагылдырылат. (жылдык тема «Музыкадагы образ»). Бул класста төрт чейрекке эки тема берилген. Алар: «Музыкадагы образ», «Музыкадагы драматургия».

Музыкадагы образды жана драматургияны окуучуларга ачып көрсөтүү иштери музыкалык чыгармалардын мазмунун, көркөм материалдар жана аларды тандоо, маселелери жалпы бир милдетке багытталат. Ал милдет, инсандын «адам» болуп калыптанышына абдан терең таасир калтырган музыканын феномени катары, аны ачып көрсөтүү болуп эсептелет.

---

[2] Музыкалык-педагогикалык методдор менен мамилелерди камтыган предметтик комплектүүлүктөр, аталган предметтин методикалык колдонмосунда кенен чечмеленген.

Башка класстардан айырмаланып 6-класстын прогрммасында музыканын таасирдүү каражаттары аркылуу музыкадагы образдуулукту ачып көрсөтүү искусствонун ынтымакташкан ирээттүү картинасын көрсөтүү аракети менен ишке ашырылат. Ыргак, обон (мелодия), гармония, полифониялык жанрлар жана анын ыкмалары, фактура, тембр, динамикалар музыканын тилинин каражаттары катары гана эмес, алар, сезимди, көңүлдү жана мүнөздү ар тараптан, көп кырдуу билдирүүчү музыканын каражаттары катары окутууну максаттанат.

Обон кайсы музыкада үстөмдүк кылат? Музыкадагы гармониялуулуктун ою эмнеде? (бул жерде музыкалык-теориялык анализ жөнүндө сөз болбойт). Музыкалык динамикада, музыканын кандай таасирдүү мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлүүдө? Бул суроолорго жооптор 6-класстын программасында чагылдырылган. Ошондой эле музыкалык таасирдүүлүктүн жаратылышы, анын ою, адамга тийгизген музыканын таасирдүүлүк табышмагын ачып көрсөтүүгө багытталган.

**7-класста көйгөйлөр активдештирилет,** да бул класста жылдын темасынын негизинде, музыканын көп кырдуулугун жана музыкадагы мазмун менен форманын бири-бири менен болгон тыгыз байланыштуулугун окутууну максаттанат. (жылдын темасы «Музыка-дүйнө тили» деп аталат).

Музыканы дүйнө эли котормосуз эле түшүнөөрүн жана музыканын мазмуну менен формасы аркылуу жалпы искусствого тиешеүү болгон бүтүмдүүлүгү катары түшүндүрүлөт. Алардын бири-бири менен тыгыз байланышта болгонун, андагы көркөм идеяны ишке ашырышын максаттанат. Музыкадагы заманбаптуулук жана театр, кино музыкасы жана анын мазмуну деген эмне? Заманбап музыканын мазмуну менен формасы жана телевидения музыкасы эмнеси менен айырмаланат? Бул суроолор 7-класстын программасында чечмеленилет. Бул теманын негизи катары «түбөлүктүү тема» деп аталган, элдик музыкалык фольклор, жомоктор менен уламыштар дүйнөсү, адамдын сезиминин дүйнөсү сыяктуулар алынды. Музыкадагы заманбаптуулук, бул программада эки жактуу чечмеленет. Биринчиси: музыкалык чыгармалардын түбөлүктүү традициялуу, жогорку деңгээлдеги актуалдуулугу болсо, экинчиси: өткөн XX кылымдагы жаңычылдыгы. Ошондуктан, кайсы музыкалык чыгармалар идеялык жактан бийик жана түбөлүктүү идеяларды алып жүрөт, кайсы музыкалык чыгармалар азыркы күндө элге кызыктуу болуп мода сыяктуу агымды алып жүрөт деген суроолорго, аларды бири-бири менен салыштыруу мүмкүнчүлүгү аркылуу ишке ашырууну максаттанат.

5-7-класстардын программасынын тематикасын уюштуруу, башталгыч класстардын тематикасын уюштуруудан принципиалдуу түрдө айырмаланат. Себеби, он жана он төрт жаштагы окуучулар бардык тараптан өзгөчөлөнүп, бир эле теманы (проблеманы) бир канча сабакта улантып, өөрчүтүүгө жөндөмдүү болуп калышат.

Ошондуктан системалык мамилени колдонуу, музыка сабагын окутуу практикасында негизги ролду аткарат. Программанын мазмунунун системалуу жүргүзүлүшү менен алардын окуу-методикалык комплектердин ар биринде чагылдырылышы зарыл жана практикалык ишмердүүлүктүн ар башка түрлөрүндө «толук кандуу» ишке ашырылышын камсыз кылат.

1. Сабактагы негизги практикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү:
   - ✓ музыка уктуруу.
   - ✓ аткаруу (соло жана хор менен ырдоо).
   - ✓ музыкалык сабат, проблемалык-чыгармачылык тапшырманы аткаруу.
2. ишмедүүлүктүн түрлөрүн уюштуруу, окуу-методикалык комплектердин бардык компоненттерин катыштырууну сунуштайт. Алар: окуу китептери, окуучулар үчүн дептер, мугалим үчүн ноталык хрестоматия жана фонохрестоматия;
3. ар бир ишмедүүлүктүн түрлөрү окуу китебинин мазмунуна сөзсүз түрдө жооп берүүсү керек.

Музыка уктуруу, аткаруу (хор менен ырдоо), музыкалык сабат, проблемалык-чыгармачылык тапшырмасын аткаруу маселелери сабактын бирдиктүү мазмунуна талаптуу баш ийет.

***Аткаруу (соло жана хор менен ырдоо)*** ишмердүүлүгү сабактын жалпы мазмунун

өнүктүрүүнү улантат. Аткаруу үчүн берилген музыкалык материалдардын репертуары, программада берилген тематикага максималдуу жооп берегендигин эске алуу менен программанын мазмунуна ылайык келүүсү талап кылынат. Программанын талаптарына ылайык ырдоонун керектүү болгон билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө окуучуларды үйрөтүү процесси, аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармалар менен иштөөдө ишке ашырылат.

***Музыканы уктуруу*** ишмедүүлүгү мугалимдин киришүү сөзү менен башталат. Ал, сабактын негизги проблемасын коөт жана анын негизги аспектисин жарыялайт. Көркөм материал катары, адабий-поэтикалык фрагменттер жана ошондой эле көркөм искусствонун чыгармалары колдонуусу сунушталат.

***Музыкалык сабат, проблемалык-чыгармачылык тапшырмаларын аткаруу*** ишмердүүлүгү окуучулардын музыкалык дептерлеринде иштөө менен ишке ашырылат. Бул практикалык ишмердүүлүктүн түрү класстагы сабакта жана үй тапшырмаларын аткрауу мезгилинде аткарылат.

5-7-класстарда окуучулардын активдүүлүгү табигый процесс болгондуктан, программанын мазмунун жаңы денгээли болгон проблемалаштыруу маселеси каралат. Бул жерде «проблема» - деген түшүнүк милдет же «татаал милдет» - деген түшүнүк катары кабыл алынат. Чыгармачылык менен иштешкен көптөгөн музыка мугалимдери, өзүнүн педагогикалык практикасында, окуучулардын таанып билүүчүлүк жана чыгармачылык таланттарын өстүрүү, аны активдештүрүү максатта проблемалык кырдаалдарды колдонушат.

Биздин программада салттуу колдонулуп келген музыкалык материалдарга (уктурууга берилген материалдар боюнча) проблемалык кырдаалдарды колдонуу максатта *проблемалык окутуу методу* кеңири пайдаланылат. Программанынн түзүүчүлөрү окуучуларга музыкалык билим берүүдө, проблемалык окутуу методун колдонуп жатып, жалгыз эле, «мугалим-окуучу» мамилесинин негизинде эмес, программада берилген жалпы мазмунунун багытын жана окуу-методикалык материалдардын жардамы менен проблемалык окутууну ишке ашырууну көздөшөт. Окуучулар тараптан бир эле жоопко ар түрдүү көз караштагы сунуштарды берүүсү максаттанат. Мисалы: 5-класста «Музыка – адамдын руханий дүйнөсү», «Музыканын күчү эмнеде?». 6-класста «Музыкадагы образ», «Музыкадагы драматургия». 7-класста «Музыкадагы заманбаптуулук жана театр, кино музыкасы», «Заманбап музыка жана телевидения музыкасы» аттуу темалар боюнча айтсак болот.

Көрсөтүлгөн методикалык ыкмалар сабактагы проблемалык кырдаалдарды түзүү аспектисинин кээ бирлерин гана чагылдырат. Мугалимдин сабакка болгон новатордук өзүмдүк мамилеси, окуучулардын таанып билүүчүк, чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн активдештирүү көндүмдөрүнө жетишишет жана музыка сабагында проблемалык окутууну иш жүзүнө ашырып жетишүүгө шарт түзүлөт.

Бул программага мурунку сабактарда окутулбаган элдик ырлардын, жомоктордун жана кыргыз композиторлору менен алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөгү композиторлордун чыгармалары сунушталып жатат.

Негизги мектептеги уктуруу үчүн берилген музыкалык чыгармалар же ал чыгармалардын фрагменттери окуучулардын кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүнө жараша 5-6-класстарда үч минутадан беш минутага чейин, 7-класста болсо төрт минутадан, сегиз, тогуз минуттага чейин сунушталат.

Жалпысынан программадагы музыкалык материалдар төмөндөгүчө сунуштады. ***Академиялык жанрдагы чыгармалар*** - аспаптык пьесалардан, романстар, хордук музыка, операдан, балеттен, кантатадан, симфониядан, аспаптык сонаталардан жана концертердин фрагменттери. Ошондой эле, көптөгөн элдик, иштелип чыккан вокалдык, классикалык вокалдык, аспаптын коштоосундагы вокалдык ыр репертуарлары жана хордук музыкалар менен заманбап балдар жана эстрадалык чыгармалар топтоштурулду.

Бардык музыкалык материалдар максималдуу түрдө программанын мазмунун чагылдырат.

Академиялык чыгармаларды ***тандоо критериясы*** болуп музыкалык фрагметтердин ачык образдуулугу, алардын интонациялык таасирдүүлүгү, чыгармадагы образдын өнүгүүсүнүн

контрасттуулугу (карама-каршылык) негиз болду.

Аткаруу үчүн берилген ырлар, эстетикалык, музыкалык-эстетикалык, руханий-аадептик тарбиялык жактан, социалдык-баалуу багытындагы чыгармалар тандап алынгандыгын программаны түзүүчүлөр баса белгилешет. Аткаруу үчүн берилген чыгармалардын репертуары бир канча вариативде колдонуу максатта кеңейтилген варианттарда сунушталды.

***Музыкалык сабат*** тарамын окутуу, программанын түздөн-түз ***максатына кирбейт.*** Ошондуктан музыкалык сабатты, максаттардын максаты катары карабастан, окуучулардын ***угуу маданиятын калыптандыруучу*** каражат катары кароо зарыл экенин программанын түзүүчүлөрү эскертет.

***Музыкалык сабат*** боюнча 5-7-класстарда төмөнкү темалар сунушталып жатат.

*5-класс.* Музыканын стили (бул тема 6-7-класстарда кеңейтилип окутулат). Лад, гамма. Мажордук, минордук ладдар. Төкмөчүлүк (импровизация). Манасчылык өнөр (бул тема 6-7-класстарда терендетилип окутулат). Эстрадалык жана компьтердик музыка. Музыканын мазмуну менен формасы (бул тема 6-7-класстарда кеңейтилип окутулат).

*6-класс.* Музыкадагы гармониялуулук деген эмнеде?. Музыкадагы динамика. Музыканын стили. Музыкалык таасирдүүлүк каражаттары (ыргак, обон, фактура, тембр). Төкмөчүлүк (импровизация). Манасчылык өнөр. Үндөрдүн түрлөрү жөнүндө түшүнүк. (сопрано, альт тенор, баритон). Музыканын мазмуну. Аралыктар жөнүндө түшүнүк. (прима, секунда, терция, кварта, квинта, секста, септима). Жөнөкөй өлчөмдөр (2/4), (3/4), (2/8), (3/8). Татаал өлчөмдөр (4/4), (4/5). (5/8, 6/8). Эстрадалык жана компьтердик музыка.

*7-класс.* Тональность жөнүндө түшүнүк. Төкмөчүлүк (импровизация). Манасчылык өнөр Музыканын мазмуну менен формасы. Музыканын стили. До мажор, ля минор. соль мажор, ми минор, ре мажор, си минор, фа мажор, ре минор, соль минор, до минор тональностору. Музыкалык таасирдүүлүктүн каражаттары (ыргак, обон, гармония, фактура, тембр, динамика). музыкалык жанрлар жана формалар (ыр, романс, хор музыкасы, опера, балет жанрлары);

*Ошондой эле азыркы талапка жооп берген, мугалимдин өзүмдүк, новаторлук, музыкалык-педагогикалык чыгармачылыгын өркүндөтүү жана аны иш жүзүнө ашыруу максатта, мугалим өзү тандап алган эркин тема боюнча төрт сааттык (ар бир чейректе бир сааттан) сабакты сунуштайбыз.*

Бирок, кандай гана өзгөртүүлөр болбосун, мугалим «Музыка» курсунун программасынын мазмундук концепциясын сактоога милдеттүү.

**5-класстын жыйынтыгы боюнча жыл ичинде окуучулардын деңгээлине коюлуучу талаптар.**

**5 класстын темасы*: «Музыканын улуу күчү. Музыканын адамга тийгизген таасири»***

**I чейректин темасы: «Музыканын адамды өзгөртүүчү күчү» (9 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Күүнүн башы Камбаркан - комуздун жаралыш тарыхы. Музооке, Ниязаалы, Айдараалы, Токтогул жөнүндө кыскача баяндоо. Карамолдо, Ыбрай, Атай, Асылбек, Шекербек жөнүндө кыскача баяндоо. Б.Мадазимов, С.Токтакунова, Н.Абдрахманов жөнүнде кыскача баяндама Кыл кыяк. Залкар кыл кыякчылар Муратаалы, С.Бекмуратов.

***Музыкалык матеиалдар:***

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни - музыкасы Н.Давлесов менен К.Молдобасановдуку, сөзү Ж.Садыков менен Ш.Кулуевдики - аткаруу.
2. «Камбаркан» күүсү, К. Орозовдуку - уктуруу.
3. «Ой комузчу», музыкасы А.Темировдуку, сөзү Т.Үмөталиевдики - үйрөтүү.
4. «Паровоз» күүсү Ыбырай Тумановдуку - уктуруу.

5. «Чон Кербез» күүсү, Токтогулдуку - уктуруу,
6. «Кыргыз жерим» музыкасы А. Жайнаковдуку, сөзү Т. Байзаковдуку.
7. «Улуу Тоолор» күүсү. Н. Абдрахмановдуку – уктуруу
8. «Ат кетти» күүсү. Күрөңкөйдүкү - уктуруу.
9. «Тизгин күү» күүсү. С. Бекмуратовдуку - уктуруу.
10. «Бекташ» Иманкулдун күүсү.
11. С. Бекмуратовдун «Жайлоодо» - уктуруу.
12. «Аталар», музыкасы А. Жээнбаевдики. сөзү И. Исаковдуку - үйрөтүү.

**II чейректин темасы:** «Музыка – адамдын руханий дүйнөсү» **(7 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Ооз комуздун түрлөрү (жыгач ооз комуз, темир ооз комуз). А.Байбатыров,Т.Тьшыбековдун жөнүндө кыскача баяндоо. Үйлөмө аспаптар. Урма аспаптар. Атактуу чоорчу Асанбай, сурнайчы Жунусаалы тууралуу кыскача баяндоо.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Бурулчакын селкинчек» күүсү, Бурулчаныкы — уктуруу
2. «Күздө», музыкасы Э.Мааданбековдуку, сөзү С.Андабековдуку - үйрөтүү.
3. А. Байбатыровдун - «Тагылдыр тоо» күүсү - уктуруу.
4. «Жортуул күү», күүсү элдики — уктуруу,
5. «Мекеним», музыкасы М.Бостонкуловдуку, сөзү Ж.Муракаковдуку - үйрөтүү.
6. «Койчулардын коңур куу» (үйлөмө аспаптар квинтети), музыкасы Э.Жумабаевдики - уктуруу.
7. «Комуз менен чоорчу», музыкасы Б. Глуховдуку - уктуруу,
8. «Сыймык», музыкасы Т.Чокиевдики, сөзү К.Урманбетовдуку – үйрөтүү.
9. Мазурка. «Жизнь за царя» операсынан. II көрүнүштөн. Фрагмент. музыкасы М.Глинканыкы-уктуруу.
10. Мазурка ля минор, соч. 17 №4. Фрагмент. музыкасы Ф.Шопендики-уктуруу.
11. «Шаман бийи», музыкасы Р.Жумакуновдуку -уктуруу.

**III чейректин темасы:** «Музыканын бириктирүүчү күчү» **(10 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Кыргыз эл ырларынын салттуулугу. Элдик атактуу ырчы-обончулар (Боогачы, Калмурат ж.б.), Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова, А. Огомбаев Ж. Шералиев, Б. Эгинчиев, А.Темиров тууралуу баяндоо.Залкар төкмө-акын О. Бөлөбалаев. Алымкул жана Замирбек Усөнбаев, Э. Турсуналиев, А. Айталиев, Т. Адиевдер менен таанышуу.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Шырылдаң», «Оп майда», музыкасы элдики - уктуруу.
2. «Бекбекей», музыкасы, сөзү элдики - үйрөтүү.
3. «Калмураттын обону» - уктуруу.
4. «Кептерим», музыкасы элдики - уктуруу.
5. Маленький принц. музыкасы М. Таривердиевдики
6. Крылатые качели. музыкасы Е. Крылатыйдыкы.
7. «Жашай бер», музыкасы К. Тагаевдики, сөзү Б.Сарногоевдики - үйрөтүү.
8. «Жаштарга», музыкасы А. Огомбаевдики - уктуруу.
9. Кичинекей принц. музыкасы М. Таривердиев,
10. Октябрь. «Жыл мезгилдери» циклынан. музыкасы П. Чайковскийдики;
11. «Фестиваль ыры», музыкасы Ж. Шералиевдики, сөзү Ж.Садыковдуку - үйрөтүү.
12. «Беш ыргай», музыкасы А. Темировдуку - уктуруу,

13. «Музыка». Музыкасы. Г. Струваныкы.
14. Где музыка берет начало? музыкасы Е. Крылатыйдыкы.
15. «Таалайлуу элдин бир кызы», музыкасы 0. Бедөбалаевдики - уктуруу.
16. «Токтогул менен Алымкулдун кезиккени» - уктуруу.
17. «Нооруз майрамы», музыкасы, сөзү III. Кемелтазиеваныкы.
18. «Жер жөнүндө терме», обону Жеңижоктуку, сөзү Р, Шүкүрбековдуку - уктуруу,
19. Биринчи таң. «Альбом для юношества» фортепианалык циклдан. музыкасы Р.Шумандыкы.
20. Мы дружим с музыкой. Музыкасы Й.Гайдндыкы.

**IV чейректин темасы:** «Музыканын күчү эмнеде?» **(8 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Улуу дастандар жана дастанчылар. Төкмөчүлүк (импровизация) өнөр түшүнүк. Саякбай-залкар манасчысы. Кенже дастандар жана аны айтуучулар. К.Акиевдин өмүрү чыгармачылык жолу. А.Айталиев – төкмө акын жана дастанчы.

***Музыкалык материалдар:***

1. Сагынбай Орозбаков - улуу дастанчы.
2. «Манас» эпосунан үзүндү - уктуруу.
3. Я рисую море. музыкасы Ю. Тугариновдуку - уктуруу.
4. «Манас» эпосунан үзүндү үйрөтүү.
5. «Манас» эпосунан үзүндү - уктуруу.
6. «Курманбек » дастанынан үзүндү - уктуруу,
7. «Курманбек» дастаныван үзүндү - үйретүү.
8. «Бай жана кедей эки еврей». «Көргөзмөдөн сүрөттөр» аттуу фортепианнолук түрмөгүнөн, музыкасы М.Мусоргскийдики - уктуруу.
9. «Кедейкан» дастанынан үзүндү - уктуруу.
10. Веселое эхо; музыкасы Г. Струваныкы- уктуруу.
11. «Карагул ботом» дастанынан үзүндү - уктуруу.
12. «Биздин жай», музыкасы Б. Абдраимовдуку, сөзү С. Шайылдаеваныкы - үйрөтүү.
13. Кыш Феянын вариациясы. «Золушка» балетинен; музыкасы С. Прокофьевдики- уктуруу.
14. Эхо. музыкасы О.Лассонуку - уктуруу.
15. №1 Концерт. оркестром жана фортепиано үчүн. II бөлүк. Фрагмент. музыкасы П.Чайковскийдики - уктуруу.

- ✓ Окуучулар алган билимдеринин негизинде музыка менен адабияттын, музыка менен көркөм өнөрдүн бири-бири менен болгон байланыштарын таба билүү;
- ✓ Комуз күүлөрү менен дастандардын байланыштарын таба билүү:
- ✓ Эпостор, күүлөр, дастандар менен ырлардын музыканын башка жанрлары (ыр, роменс, хор музыкасы ж.б.) менен болгон өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;
- ✓ Музыкалык материалдарда уктуруу үчун сунушталган чыгармалардагы көркөм чагылдырылган образдар боюнча маек курууну билүү;
- ✓ Манас музыкасы менен элдик музыкалык чыгармачылыктын өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү.

**6-класстын темасы:** ***«Музыкадагы образ»***

**I чейректин темасы:** «Музыкадагы образ» **(7 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Комиозиторлук музыка. Аткаруучулук өнөр. Опера ырчылары-С.Кийизбаева, Б.Миңжылкиев, К.Сартбаева, К.Турапов, А.Жакшылыков. Камералык ырчылар Д.Жалгасынова, А.Мырзабаев.

***Музыкалык материалдар:***

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни - музыкасы Н.Давлесов менен К.Молдобасановдуку, сөзү Ж.Садыков менен Ш. Кулуевдики - аткаруу.
2. «Айчүрөк» операсынан «Айчүрөктүн ариясы», музыкасы В.Власов, А.Малдыбаев, В.Ференики.
3. С. Кийизбаеванын аткаруусунда - уктуруу.
4. «Кел достор, катарга», музыкасы К. Молдобасановдуку, сөзү Э. Таабалдиевдики - үйрөтүү-
5. «Бешик ыры», музыкасы К.Молдобасановдуку, сөзү А.Осмоновдуку, К.Сартбаеванын аткаруусунда - уктуруу.
6. № 9. Симфония IV бөл. Фрагмент. музыкасы Л. Бетховендики - уктуруу
7. Спасем наш мир. музыкасы Г. Струванықы - уктуруу.
8. А. Рыбников, стихи И. Кохановского. Ты мне веришь музыкасы - уктуруу
9. Музыка. музыкасы А. Калнынышдыкы - уктуруу
10. «Кыргыз жери», музыкасы Н.Давлесовдуку, сөзү Ж.Садыковдуку, көрүыүктүү ырчы Д.Жалгасынованын аткаруусунда -уктуруу.
11. Мектеп корабли. музыкасы Г. Струванықы - уктуруу
12. «Гүл», музыкасы, сөзү А. Огомбаевдики. Т.Сейталиевдин аткаруусунда - уктуруу.
13. Сирендер. «Ноктюрны» симфониялык циклдан. Фрагмент; музыкасы К. Дебюссиники – уктуруу.
14. «Республикам», музыкасы М. Абдраевдики, сөзү А. Токомбаевдики. А.Мырзабаевдин аткаруусунда - уктуруу.
15. «Кыргызстан жаштары», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү К. Маликовдуку - үйрөтүү.
16. «Айчүрөк» операсынан «Семетейдин ариясы», музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В.Ференики, залкар опера ырчысы Б. Миңжылкиев аткаруусунда - уктуруу.
17. «Ло-энгрин» Оперсынан III көрүнүштөгү антракт. Музыкасы Р. Вагнердики- уктуруу.

**II чейректин темасы:** «Музыкадагы образ» **(**уландысы **9 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

М.Бегалиев,Э. Жумабаев, Ж.Малдыбаева А.Жээнбаев, С.Бактыгулов балдар үчүн чыгармалары.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Кербен», музыкасы Э. Жумабаевдики - уктуруу.
2. Кылыч менен бийлөө. «Гаянэ» балетинен. музыкасы А. Хачатуряндыкы- уктуруу
3. «Ынтымак», музыкасы А. Укурчиновдуку, сөзү М. Тойбаевдики - үйрөтүү.
4. «Көңүлдүү оюн», музыкасы М. Бегалиевдики - уктуруу.
5. Болеро. музыкасы М. Равельдики- уктуруу
6. «Селкинчек», музыкасы Ж. Малдыбаеванықы - уктуруу.
7. «Мекен жөнүндө ыр», музыкасы А, Жээнбаевдики, сөзү К, Курманбаевдики — үйрөтүү.
8. Полонез ля мажор, 40 чыг. № 1. Фрагмент; музыкасы Ф. Шопендики- уктуруу
9. А. Жээнбаевдин балдар үчүн чыгармалары,
10. «Я взываю к Тебе, Господи». музыкасы Л. Бетховендики- уктуруу
11. «Жомокчунун кербези», музыкасы А. Жээнбаевдики - уктуруу.
12. «Балдар альбому» фортепианолук жыйнагынан мугалимдин тандоосу боюнча чыгарма уктуруу.

13. «Шаңдан Ала-Тоолук гүлстан», музыкасы М.Абдраевдики, сөзү Н.Жүндүбаеваныкы - үйрөтүү.
14. Веналык токойдогу жомок. Фрагмент. музыкасы Ф. Шопендики - уктуруу
15. Мазурка си-бемоль мажор, соч. 7 № 1. Фрагмент; музыкасы И. Штраустуку - уктуруу
16. Л. Бетховен. Симфония № 5. I часть. Фрагмент;

**III чейректин темасы** «Музыкадагы драматургия» **(10 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Ж.Шералиев, Р.Абдыкадыров, С. Жумалиев, А. Атабаев – обончу-композиторлор. А.Жумабаев, К.Досманбетова, К.Тагаев, М.Рыскулбеков, А.Керимбаев, К.Эралиевалардын чыгармачылык портреттери. Т.Казаков, Ж.Кайыпов - обончу – композитор жана аткаруучулар.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Мектеп кызы Калыйман», музыкасы Ж. Шералиевдики -уктуруу.
2. «Өскөн жер», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку, сөзү С. Дүйшөналиевдики - үйрөтүү.
3. «Койчунун ыры», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку - уктуруу.
4. «Өскөн жер» - аткаруу.
5. «Комузум», музыкасы, сөзү А. Жумабаевдики - уктуруу.
6. «Эжелерим, агайым», музыкасы М. Рыскулбековдуку, сөзү К. Маликовдуку - үйрөтүү.
7. «Ысык-Көл вальсы», музыкасы К.Тагаевдики - уктуруу.
8. «Насыйкат» (К.Орозов күүсү) Күүнү аккардеон үчүн иштеп чыккан Т.Казаков, сөзүн жазган А.Рыскулов.
9. Камертон. Норвежская народная песня, обработка Г. Струве- уктуруу.
10. В сыром бору тропина. Орус эл ыры. иштеп чыккан иштеп чыккан Г. Струве - уктуруу.
11. Музыкасын иштеп чыккан Т. Казаков, сөзү А. Рыскуловдуку - уктуруу.
12. «Жаңы жыл - жаркын үмүттөр», музыкасы Ж.Кайыповдуку, сөзү Т.Кожомбердиевдики - үйрөтүү.
13. Орган үчүн Токката и фуга ре минор. музыкасы И. С. Бах- уктуруу.
14. Во поле береза стояла. Орус эл ыры. иштеп чыккан Г. Струве- уктуруу.
15. «Эне жөнүндө баллада», музыкасы А. Атабаевдики -уктуруу.
16. «Жаңы жыл -жаркын үмүттөр» - аткаруу.
17. «Тууган жер», музыкасы А. Керимбаевдики - уктуруу.
18. «Акыркы коңгуроо», музыкасы К. Эралиеванык‌ы, сезү А. Өмүркановдуку - үйрөтүү.
19. «Акыркы коңгуроо» - аткаруу.

**IV чейректин темасы** «Музыкадагы драматургия» (уландысы **8 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Музыкалык драма жөнүндө түшүнүк. Эл аспаптар оркестри. П. Шубин, Ш. Орозов - алгачкы дирижерлор. Хор искусствосу. (Дирижерлор С.Юсупов, К.Алиев). А.Жумакматов, Э.Жумабаев-оркестрдин атактуу дирижерлору. Эстрада музыкасы тууралуу түшүнүк. Эстрада музыкасы бүгүнкү күндө. Компьютердик музыка.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Ибарат», күүсү, К. Орозовдуку, оркестр үчүн иштеп чыккан А. Жумакматов - уктуруу.
2. «Шайыр комузчу», музыкасы М.Касейдики, сөзү Б. Абакировдуку - үйрөтүү.
3. «Кыргыз темаларына фантазия», музыкасы П. Шубиндики -уктуруу.
4. «Кыргыз көчү», музыкасы А. Кыдырназаровдуку, оркестр үчүн иштеп чыккан Э. Жумабаев - уктуруу.
5. До чего дошел прогресс. музыкасы Е. Крылатыйдыкы- уктуруу.
6. «Шехеразада» симфонической сюитсынан. музыкасы Н. Римский-Корсаков. уктуруу.

7. «Апакем», музыкасы К. Артыковдуку, сөзү А. Дүйсембиевдики - үйрөтүү.
8. Хор искусствосу жөнүндө баяндоо. Дирижерлор (С. Юсупов, К. Алиев) менен таанышуу.
9. «Кыз бала экен жылкычы», музыкасы С. Юсуповдуку -уктуруу.
10. «Апакем» - аткаруу.
11. «Концертино», музыкасы Ч. Кожомжаровдуку - уктуруу.
12. «Ысыката - Арашан», музыкасы С. Жумалиевдики, сөзү Т. Ко-жомбердиевдики - үйрөтүү.
13. «Кыргыз темаларына импровизация» иштеп чыккан А. Головин -уктуруу.
14. Досторго каалоо. музыкасы Г. Струвныкы уктуруу.
15. Вокализ музыкасы С. Рахманиновдуку-уктуруу.
16. Оркестр үчүн № 2 сюитадан Скерцо. музыкасы И. С. Бах-уктуруу.
17. Үч укмуштуулук. «Сказка о царе Салтане» оперсынан. музыкасы Н. Римский-Корсаковдуку- уктуруу.

**6-класстын жыйынтыгы боюнча жыл ичинде окуучулардын деңгээлине коюлуучу талаптар.**

- ✓ Уктуруу үчүн берилген музыкалык материалдардын негизги таасирдүү каражаттарын ажырата билүү;
- ✓ Музыка жөнүндө өзүнүн көркөм музыкалык чыгармалардын образы жөнүндөгү көркөм таасирдүү ой толгоолорун айта билүү;
- ✓ Аткаруу үчүн берилген чыгарманы аткарып жатканда музыкадагы образды берүү көндүмдөрүн өркүндөтүү;
- ✓ 6-класста алган билимдеринин негизинде музыка менен искусствонун башка түрлөрү жана музыка менен жашоонун байланыштарын таба билүүгө жетишүү;
- ✓ Музыка жөнүндө ой жүгүртүүдө, музыкалык каражаттардын көркөм таасирдүүлүгү жөнүндө өзүнүн ой толгоолорун чагылдыра билүү.

**7-класстын темасы:** ***«Музыка –дүйнө тили»***

**I чейректин темасы:** «Музыкадагы заманбаптуулук жана театр, кино музыкасы»» **(9 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

А. Малдыбаев - кыргыз кесиптик музыкасынын негиз салуучусу. Музыкалык драма (6-кл IV-чейректин уландысы). Опералык музыка. Музыкалык комедия. «Айчүрөк» - кыргыз туңгуч операсы. Кыргыз операларында элдик обондордун колдонулушу. М. Абдраев, М.Раухвергердин опералык чыгармачылыгы. Балет жөнүндө түшүнүк. Атактуу бийчилер (Б.Бейшеналиева, У.Сарбагышев, А.Токомбаева, Ч.Базарбаев). Музыка жана адабият. Ч. Айтматовдун чыгармалары музыкада. Музыка жана театр. Манас жана музыка. Кино музыкасы.

***Музыкалык материалдар.***

1. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни - музыкасы Н.Давлесов менен К.Молдобасановдуку, сөзү Ж.Садыков менен Ш. Кулуевдики - аткаруу.
2. «Ажал ордуна» музыкалуу драмасынан «Зулайканын ыйы» (кошоктун колдонулушу), музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики - уктуруу.
3. «Гүл турмуш», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү Ж. Бөкөнбаевдики - үйрөтүү.
4. «Айчүрөк» операсынан «Увертюра», музыкасы А. Малдыбаев, В. Власов, В.Ференики - уктуруу.
5. «Олжобай менен Кишимжан» операсынан «Увертюра», музыкасы М. Абдраевдики - уктуруу.
6. «Ырдайлы достор, ырдайлы», музыкасы М. Абдраевдики, сөзү Ж.Садыковдуку -

үйрөтүү.
7. «Көкүл» операсынан «Киришүү», музыкасы М, Раухвергердики - уктуруу.
8. «Ырдайлы достор, ырдайлы» - аткаруу.
9. «Ким кантти» музыкалуу комедиясынан узүндү, музыкасы А.Аманбаев, А.Малдыбаев, А.Түлеев, М. Абдраевдердики - уктуруу.
10. Прелюдия соль-диез минор, соч. 32 № 12; музыкасы С. Рахманиновдуку- уктуруу.
11. «Крылатые качели», музыкасы Б. Крылатовдуку, сөзү Ю. Энтиндики - үйрөтүү.
12. Лирическая песенка; музыкасы Ю. Милютиндики - уктуруу.
13. Матерям погибших героев музыкасы Г. Струваныкы . - уктуруу.
14. «Куйручук» балетинен «Оюн», музыкасы К.Молдобасанов, Г. Окуневдики - уктуруу.
15. Лесной царь; музыкасы Ф. Шуберттики - уктуруу.
16. «Чолпон» балетинен «Айдайдын варияциясы», музыкасы М. Раухвергердики - уктуруу.
17. «Кыргыз жерим, кымбатым», музыкасы С.Жумалиевдики, сөзү Т.Кожомбердиевдики - үйрөтүү.
18. Океан-море синее «Садко» операсына киришүү. Музыкасы Н. Римский-Корсаковдуку - уктуруу.
19. Вечное детство. музыкасы Г. Струваныкы- уктуруу.

**II чейректин темасы:** «Заманбап музыка жана телевидения музыкасы» **(7 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Симфония жөнүндө түшүнүк. А. Тулеев - тунгуч кыргыз симфонисти. Симфониялык поэма, симфониялык сүрөттөмөлөр жөнүндө түшүнүк. Т.Эрматов, С. Медетовдун чыгармачылыгы. Симфониялык оркестр жана анын аспаптар (скрипка, альт, виолончель, контрабас). Батыш үйлөмө аспалптары (флейта, гобой, фагот, волторна, туба, труба, тромбон). . Телерадио музыкасы. Көркөм өнөр жана музыка.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Баатырдык» симфониядан үзүндү» музыкасы А. Тулеевдики - уктуруу.
2. «Ысык-Көл» симфониялык поэмасынан үзүндү- музыкасы Т.Эрматовдун уктуруу.
3. «Бешик ыры», музыкасы К.Молдобасановдуку, сөзү А.Осмоновдуку – үйрөтүү
4. Полонез ля-бемоль мажор, соч. 53 № 6; музыкасы Ф. Шопендики-уктуруу.
5. Во поле береза стояла. Русская народная песня; музыкасы уктуруу.
6. «Той» симфониялык сүрөттөмөсүнөн үзүндү, музыкасы Э. Жумабаевдики - уктуруу.
7. «Балалыкты эскерүү» симфониялык сүрөттөмөсүнөн үзүндү, музыкасы М. Бегалиевдики - уктуруу.
8. «Пахтачы кыздын бийи», музыкасы С. Медетовдуку -уктуруу.
9. Вивальдинин музыкасы астында. музыкасы В. Берковскийдики- уктуруу.
10. Вальс си минор, соч. 69 № 2. музыкасы Ф. Шопендики-уктуруу.
11. Школьная тропинка; музыкасы В. Мураделиники-уктуруу.
12. Марш тореадора. Из оперы «Кармен»; музыкасы Ж. Визе. уктуруу.
13. «Биздин мектеп», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү К. Урманбетовдуку - үйрөтүү.
14. «Марш», үйлөмө аспаптар үчүн, музыкасы К. Молдобасановдуку - уктуруу.
15. «Биздин мектеп» - аткаруу.
16. Симфония № 4. IV часть. Фрагмент; музыкасы П. Чайковскийдики-уктуруу.
17. Марш. Из балета «Үелкунчик»; музыкасы П. Чайковскийдики-уктуруу.
18. Вальс. «Евгений Онегин» операсынан. Фрагмент; музыкасы П. Чайковскийдики-уктуруу.

**7-класстын жыйынтыгы боюнча жыл ичинде окуучулардын деңгээлине коюлуучу**

**талаптар.**

- ✓ Музыкадагы мазмун менен форманын негизги өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;
- ✓ Эспосторго, дастандарга, драмалык музыкага, кинорадио музыкага тиешелүү музыкалык образга мүнөздүү болгон чегин ажырата билүү;
- ✓ Музыкалык чыгармалардагы образда, турмуштук кубулуштар менен анын көркөм чагылдырылышын таба билүү;
- ✓ 7-класста алган билимдеринин негизинде музыка, адабият жана көркөм өнөрдүн бири-бири менен болгон көркөм образдарынын байланыштарын таба билүү.

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары**

Музыка сабагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун спецификасына ээ. Музыка сабактарында окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгы төмөнкүлөр аркылуу бааланат:

- − музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;
- − хордук жана жекече ырдоо;
- − окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктулары – жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

Баалоо окуучунун окуудагы натыйжалары предметтик стандарттарга туура келерин аныктоо максатын көздөйт. Музыка сабактарында баалоо эки багытта жүргүзүлөт:

- − окуучунун прогрессинин жекече динамикасы бааланат, б.а., баштапкы жана аяккы натыйжалар салыштырылып, окуучунун жетишкендиктеринин прогресси бааланат;
- − окуучунун жообу/иши баалоонун критерийлери (ченемдери) менен салыштырылат.

**Музыка сабактарында баалоонун типтери**

Музыка сабактарында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: критерийлик жана ченемдик (нормативдик).

Критерийлик баалоо – бул критерийлер боюнча баалоо, б.а., баа окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүчү түзүүчүлөрдөн (критерийлерден) келип чыгат. Окуучулардын иштерин баалоого критерийлик мамиле кылуу процесстин бардык катышуучуларына (мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды өздөштүрүүнүн деңгээлин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү тескери байланышты жүзөгө ашырууга жардам берет. Тескери байланыш канчалык мазмундуу болсо, ага жасалган мамиле ошончолук конструктивдүү болушу мүмкүн. Критерийлик баалоо бул – баалоонун жана өзүн өзү баалоонун ар кыл түрлөрү, формалары жана усулдары колдонулган мамиле.

Критерийлик баалоо мугалим үчүн бир катар принципиалдуу көрсөтмөлөрдү билдирет:

- − баа аркылуу окуучунун инсаны эмес, иши гана бааланат;
- − окуучунун иши башка окуучулардын иши эмес, эталон (мыкты аткарылган иштин үлгүсү) менен салыштырылат. Эталон окуучуларга мурдатан тааныш болот;
- − бааны чыгаруунун так алгоритми иштелип чыккан, окуучу ал боюнча өз жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктап, өз баасын көрсөтөт;
- − окутулуп жаткан нерсени гана баалоого болот, ошондуктан баалоо критерийи – окуу максаттарынын (билим берүүчүлүк натыйжалардын) конкреттүү туюндурулушу.

Критерийлик баалоону колдонуу баалоо процессине окуучулардын өздөрүн тартууга шарт түзөт, башкача айтканда, билим берүү процессинин маанилүү компоненти болгон өзүн өзү баалоону ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, анткени рефлексия гана окуучуларга өз ишмердүүлүгүнөн тажрыйба чыгарууга, коюлган милдетти чечүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө, өзүн жакшыраак аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат. Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин талдоо менен, окуучулар аларды чететүү жолдорун табышат,

өздөрүн өздөрү баалоого үйрөнүшөт, бул болсо аларга өз иштеринин күчтүү жана алсыз жактарын көрүүгө жана мындай жыйынтыктарды аңтап түшүнүүнүн негизинде кийинки ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүгө шарт түзөт. Туура уюштурулган рефлексия тапшырманы ийгиликтүү аткарууга өбөлгө болуучу оң маанайды түзүүгө жардам берет.

**Музыка боюнча баалоонун критерийлери (мисалдар).**

− Ырды бир убакта аткаруу жана аяктоо (дирижердун сунуштарын аткара билүү). − Обонду (ноталык) жана сөздүк текстти билүү (эгер үйрөнүп жатканда ноталык жазуу колдонулган болсо).

− Аткаруунун интонациялоонун тазалыгы жана ыргактык тактыгы.

− Ырды мүнөздүү аткаруу (музыкалык таасирдүү каражаттарын – динамикалык боөкчолорду, темпти, обонду, ыргакты… туура пайдалануу).

− Ырдоо учурунда туура отуруу (туруу).

− Жооп берүүдө (оозеки, жазуу, презентацияда) музыкалык терминдерди сабаттуу пайдалануу.

− Музыкага кызыгуу, ага эмоциялык жооп кылуу жана музыкалык чыгарма менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын мүнөздөй билүү.

− Окуучунун эки же бир нече музыкалык чыгарманы салыштыра жана алынган билимдердин негизинде өз алдынча жалпылоолорду чыгара билүүсү.

− Окуучунун өзүнүн аткаруусун мүнөздөй жана талдай билүүсү.

− Аткаруу учурунда эмоционалдуулукту көрсөтүү.

− Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктуларын баалоо критерийлери ар бир тапшырма жана окуучулардын ишинин түрү боюнча иштелип чыгат.

Ченемдик баалоо – жеке натыйжалар менен статистикалык маанилерди – ченемдерди салыштыруу жолу менен баага жана инсандын же жүрүш-туруштун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, тапшырма менен өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү интерпретациялоого болгон мамиле. Окутуунун натыйжалары беш баллдык шкала боюнча бааланат, зарыл учурда жоопко берилген оозеки мүнөздөмө менен толукталат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу ченемдери 1 тиркемеде берилген.

**Музыка сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формалары.**

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылат: формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси боюнча) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо (компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун аныктоо үчүн окуу материалын окупүйрөнүүнүн аягында).

Музыка сабактарында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөнкүдөй ар кыл формалары колдонулат:

− окуучулардын оозеки жооптору;

− жазуу иштери;

− практикалык тапшырмалар.

− Окуучулардын оозеки жооптору дегенибиз –

− сабактарда музыкалык чыгармалар тууралуу диалог-дискуссияларга катышуусу;

− башка окуучулардын аткаруусу тууралуу пикирлери,

− Жазуу иштери дегенибиз:

− карточкалар боюнча иштөө (музыкалык сөздүктү билүү),

− жеке таасирлери жана музыкалык чыгармаларды эмоциялык-образдык кабылдоо боюнча эссе.

Практикалык тапшырмалар – алар:

– презентацияларды даярдоо;

– «Обонду тапчы» - сабакта жаңырган чыгармалардан түзүлгөн фрагменттеринен калейдоскоп;

– жекече, топтук жана хор менен ырдоо;